Ким Аллахтын сөзү бийик болуусу үчүн жихад кылса, ошол Аллахтын жолунда болот" - деп жооп берди

Абу Муса (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Аллахтын элчисинен (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) баатырдыгы үчүн, элин сактоо үчүн, элге көрүнүү үчүн жихадга чыккан адамдардын кимиси Аллах жолунда болот? - деп сурашты. Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун): "Ким Аллахтын сөзү бийик болуусу үчүн жихад кылса, ошол Аллахтын жолунда болот" - деп жооп берди.

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыздан (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) ар түрдүү максатта согушка чыккан адамдар тууралуу сурашты. Баатырдыгы үчүн, коргонуу үчүн, адамдарга көрүнүү үчүн ж.б. максатта чыккан адамдардын кимиси Аллахтын жолунда болот? деп сурашты. Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Ким Аллахтын сөзү бийик болсун деп согушса, ошол Аллах жолунда согушка чыккан болорун айтат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/2969